УДК: 39.394.91
DOI 10.33514/1694-7851-2025-3/2-98-106

**Рысмендеева Н.К.**
тарых илимдеринин кандидаты, доценти м.а.
И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети
Бишкек ш.
r-nazgul@mail.ru
**Таштанбекова Н.Э.**
сапатты камсыздоо бөлүмүнүн башкы адиси
"Ала-Тоо" Эл аралык университети
Бишкек ш.
nurgul181178@mail.ru

## «МАНАС» ЭПОСУ: ЭЛДИК ОЮНДАРДАГЫ МАМЛЕКЕТТҮҮЛҮК ИДЕЯСЫ

**Аннотация.** «Манас» эпосу дүйнөлүк маданий мурастардын казынасын толуктаган кыргыз элинин эң улуу көркөм дөөлөтү болуп эсептелет. ЮНЕСКОнун материалдык эмес маданий мурастар тизмесине киргизилген бул эпос кыргыз элинин тарыхынын, маданиятынын, философиясынын жана күнүмдүк турмушунун чагылдырылышы катары өзгөчө бааланат. Эл арасында «энциклопедия» деп эсептелген эпостун көлөмү менен мазмунунун кенендиги ар бир изилдөөчүнү таң калтырат. Чындыгында, «Манастан» кыргыз элинин турмушунун ар кыл кырларын, социалдык мамилелерден тартып дүйнө таанымга чейин, этнографиядан тартып педагогикага чейин маалыматтарды табууга болот.

Эпоско кирген элементтердин бири – элдик оюндар. Кыргыз элинин байыркы оюн маданиятынын бир көрүнүшү катары чүкө оюнунун негизинде өнүккөн ордо оюну «Манаста» кеңири чагылдырылган. Бул оюн жөн гана убакыт өткөрүүнүн же көңүл ачуунун каражаты эмес, кыргыз маданиятындагы социалдык, тарбиялык жана символикалык мааниси терең болгон маданий көрүнүш катары сүрөттөлөт.

Макалада ордо оюнуна текстологиялык жана символикалык талдоо жүргүзүлдү. Эпостогу сүрөттөлүүлөрдү изилдөө аркылуу элдик оюндардын кыргыз коомундагы орду көп кырдуу экендиги аныкталды. Биринчиден, бул оюндар социалдык функцияга ээ болгон: алар жамааттын биримдигин, ынтымагын жана өз ара байланыштарын чыңдаган. Экинчиден, этикалык жана моралдык функциясы күчтүү: оюн адилеттүүлүккө, эрежелерди сактоого, атаандашына урмат менен мамиле кылууга үндөгөн. Үчүнчүдөн, элдик оюндардын билим берүү жана тарбиялык функциясы бар экендиги белгилүү болду: жаш муунга тактык, ыкчамдык, стратегиялык ой жүгүртүү, чыдамкайлык жана жоопкерчилик сыяктуу сапаттарды үйрөткөн.

**Негизги сөздөр:** «Манас» эпосу, ордо оюну, мамлекет, мамлекеттүүлүк идеологиясы, каада-салт, элдик оюндар, чүкө оюндары, тарбиялык маани, социалдашуу функциясы, конфликттерди чечүү.

**Рысмендеева Н.К.**
кандидат исторических наук, и.о. доцент
Кыргызский государственный университет имени И. Арабаева
г. Бишкек
**Таштанбекова Н.Э.**

главный специалист отдела обеспечения качества
Международный университет «Ала-Тоо»
г. Бишкек

## ЭПОС "МАНАС": ИДЕЯ ГОСУДАРСТВЕННОСТИ В НАРОДНЫХ ИГРАХ

**Аннотация.** Эпос «Манас» является величайшей художественной ценностью кыргызского народа, дополнившей сокровищницу мирового культурного наследия. Включённый в список нематериального культурного наследия ЮНЕСКО, данный эпос высоко ценится как отражение истории, культуры, философии и повседневной жизни кыргызского народа. В народе его нередко называют «энциклопедией», поскольку масштаб и богатство содержания поражают каждого исследователя. Действительно, в «Манасе» можно встретить сведения о самых разных сторонах жизни кыргызов: от социальных отношений до мировоззрения, от этнографии до педагогики.

Одним из элементов, вошедших в эпос, являются народные игры. В частности, ордо – игра, развившаяся на основе чүкө (игры с альчиками), – в «Манасе» представлена достаточно широко. Она показана не просто как способ провести время или развлечься, но как культурный феномен, имеющий глубокое социальное, воспитательное и символическое значение в кыргызской культуре.

В статье проведён текстологический и символический анализ игры ордо. Исследование эпических описаний показало, что роль народных игр в кыргызском обществе носила многогранный характер. Во-первых, эти игры выполняли социальную функцию: укрепляли единство, сплочённость и взаимосвязь общины. Во-вторых, они обладали этической и моральной функцией: игра приучала к справедливости, соблюдению правил, уважительному отношению к сопернику. В-третьих, народные игры выполняли образовательно-воспитательную функцию: они учили молодое поколение точности, быстроте, стратегическому мышлению, терпению и ответственности.

**Ключевые слова:** Эпос «Манас», игра в ордо, государство, идея государственности, традиции, народные игры, игры в альчики, воспитательное значение, функция социализации, решение конфликтов.

**Rysmendeeva N.K.**
Candidate of Historical Sciences, Associate Professor (Acting)
Kyrgyz state university named after I. Arabaev
Bishkek c.
**Tashtanbekova Nurgul Esengulovna**
Chief Specialist of the Quality Assurance Department
"Ala-Too" International University
Bishkek c.

## THE MANAS EPIC: THE IDEA OF STATEHOOD IN FOLK GAMES

**Abstract.** The epic *Manas* is considered the greatest artistic treasure of the Kyrgyz people, enriching the treasury of world cultural heritage. Included in UNESCO’s list of Intangible Cultural Heritage, this epic is highly valued as a reflection of the history, culture, philosophy, and everyday life of the Kyrgyz people. Among the people, it is often referred to as an “encyclopedia,” since the

scope and richness of its content astonish every researcher. Indeed, in *Manas* one can find information about various aspects of Kyrgyz life: from social relations to worldview, from ethnography to pedagogy.

One of the elements included in the epic is traditional games. In particular, *ordo*—a game that developed from the *chüke* (knucklebone games)—is extensively depicted in *Manas*. It is presented not merely as a way of spending time or entertainment, but as a cultural phenomenon with profound social, educational, and symbolic significance in Kyrgyz culture.

This article conducts a textological and symbolic analysis of the game *ordo*. The study of epic descriptions has shown that the role of traditional games in Kyrgyz society was multifaceted. First, these games fulfilled a social function: they strengthened community unity, cohesion, and mutual ties. Second, they carried a moral and ethical function: the games instilled justice, adherence to rules, and respect for opponents. Third, traditional games also performed an educational and pedagogical function: they taught the younger generation accuracy, agility, strategic thinking, patience, and responsibility.

**Keywords:** Epic "Manas", Ordo game, State, Idea of statehood, Traditions, Folk games, Knucklebone games, Educational value, Socialization function, Conflict resolution.

**Киришүү**

«Манас» эпосу – кыргыз элинин маданиятында маанилүү орунду ээлеген феноменалдуу эпикалык чыгарма. Мында кыргыз элинин турмушунун ар кыл аспектилери камтылган, анын ичинде каада-салты, үрп-адаттары, элдик кол өнөрчүлүгү, элдик оюндар ж.б. «Кыргыз элинин турмушунун энциклопедиясы» аталган «Манас» эпосунда элдик оюндар тууралуу маалыматтын мол кездешүүсү, аталган ишмердүүлүктүн адамзаттын турмушундагы орду, мааниси жана анын өнүгүүсүндөгү зарылчылыгы тууралуу кабар берет. Эпосто элдик оюндардын, анын ичинде ордо оюнунун мазмуну, мааниси, түзүлүшү, терминологиялык өзгөчөлүктөрү, ойноо эрежелери тууралуу маанилүү маалыматтар берилген.

**Изилдөөнүн максаты**: Кыргыз маданиятында жана фольклористикасында ролун жана маанисин аныктоо үчүн «Манас» эпосу, анын ичинде ордо оюнун изилдөө жана текстологиялык өңүттөн анализдөө.

**Изилдөөнүн милдеттери:** «Манас» эпосунда элдик оюндар тууралуу айтылган маалыматтарды аныктоо максатында текстти анализдөө; эпостогу элдик оюндарды, анын ичинде ордо оюнун аныктоо; «Манас» эпосундагы ордо оюндарынын коомдук-саясий, социалдык-маданий, таалим-тарбиялык, оюн-зооктук аспектилерин изилдөө; эпостун контекстинде ордо оюнунун функцияларын жана символикалык маанисин изилдөө; эпосто сүрөттөлгөн элдик оюндардын бири болгон ордонун реалдуу турмуштагы маанисин аныктоо.

**Изилдөөнүн негизги методдору:**

*Текстологиялык анализ:* элдик оюндар тууралуу маалыматтарды аныктоо жана интепретациялоо үчүн «Манас» эпосунун текстин изилдөө.

*Салыштырма метод:* Эпосто сүрөттөлгөн ордо оюнун азыркы кезде кыргыз элиндеги, жалпы эле түрк элдериндеги ордун аныктоо.

*Этнографиялык метод:* Этнографиялык изилдөөлөр аркылуу элдик оюндар менен байланышкан каада-салттарды маданий контекстте изилдөө. *Символикалык анализ:* «Манас» эпосундагы элдик оюндардын, анын ичинде ордонун символикалык маанисин жана ролун изилдөө.

*Тарыхый-маданий анализ*: Кыргыз элинин турмушунда ордо оюнунун тарыхый-маданий контекстин изилдөө.

Адамзаттын басып өткөн жолу, урунттуу учурлары даталары менен тастыкталып, хронологиялык алкакка салынып, фактылар менен деталдаштырылып тарых барактарында калат. Бул топтолгон тажрыйба аркылуу жаңы мүмкүнчүлүктөрдү ачуу менен илимий-технологиялык прогресстин катализатору катары жалпы адамзатка кызмат кыла берет. Ошону менен катар эле, даталар, конкреттүү окуялар, фактылар менен тастыкталбаганы менен, адамдын аң-сезиминин, башкача айтканда, анын руханий өнүгүүсүнүн эволюциялык процесси мифий дүйнөтаанымдан илимий аңдоого чейин этаптуу жалгаштырыла эпостордо баяндалат. Ошентип, тарых тастыктаган турмуштук тажрыйба адамдын руахний өсүп-өнүгүүсүн стимулдаштырып турса, руханий жактан адам канчалык жогорулаган сайын турмуштук тажрыйбаны байыта берет. Андыктан, илимий изилдөөлөр адамзат турмушунун эки аспектисин тең эске алуу менен жүргүзүлүүсү зарыл жана актуалдуу деп эсептейбиз.

Эпостор илимий негизде изилдөөгө алынуусу зарыл экендигин Ч. Валихановдун: ««Манас» эпосу – кыргыз элинин турмушунун энциклопедиясы» - деп айтканы менен да далилдеп кетсек болот. Демек, элдин турмушун изилдөөдө илим жаатында эпостор милдеттүү түрдө иликтөөгө алынуусу зарыл.

Кыргыз элине энчиленгени менен, «Манас» эпосу жалпы эле адамзаттын жашоо канондорун, концептуалдык негиздерин өзүндө камтыган.

«Манас» – алгач миф болду. Миф – чындыгы далили айтылып отуруп уламышка айланды. Демек, бул – жашоо, ырас, жаралган жери миф болсо, айтылган жери уламыш болду. Ал айтылып, бара-бара көркөм жомокко айланды, ал жомок жүзүн ачкан соң, чындыгы далили дастан болуп чыга келди. Ырас, чыккан соң далили, ал дастан ошол мифтин көлөмү зору, мына, чыгып акылдын орду, ошондо дастан айтылып бүтпөс, улам-улам тастыкталып отуруп эпоско айланды.

Ар бир улуттун өзүнө гана тиешелүү руханий жана заттык маданий баалуулуктары бар. Кыргыз элинде буга мисал катары «Манас» эпосун да келтирүүгө болот. «Манас» эпосу кыргыз элине гана таандык феномен болгон сыяктуу, чүкө оюндарына түздөн-түз тиешеси болгону менен *ордо* оюнунун кыргыз элинде гана ойнолуп, башка бир да элде кездешпегени кыйла кызыктуу көрүнүш.

“Манас” эпосун айтуу өнөрүнүн жана ордо оюнунун өзөктүк жалпылыктары, окшоштуктары бар. Эпостогу негизги идея – элдин азаттыгы, мамлекеттүүлүк, мындагы ар бир жарандын алган орду эпикалык өңүттөн баяндалса, ал эми ордо оюнун мазмуну аталган идеянын оюн эрежелеринде чагылдырылышы десек болот.

«Манас» кыргыз элине гана тиешелүү болгондой эле, ордо оюну – кыргыздарда гана ойнолуп калган. Ордонун генезиси тууралуу коомчулукта жана илимий чөйрөдө ар кандай пикирлер сакталып келет. Ордо оюну тууралуу “кыргыз элинин турмушунун энциклопедиясы” аталган «Манас» эпосунда эпизоддор көп кездешет.

Ордо оюнунда чүкө оюндарына тийешелүү дээрлик бардык оюн ыкмалары, эрежелери камтылган. Башкача айтканда, ордо оюну чүкө оюндарынын энциклопедиялык жыйындысы десек болот.

*Ордо* деген аталыштын шаар, борбор, хан ордосу деген түшүнүктөр менен үндөшүүсү, аталган түшүнүктөрдүн бул ордо оюну менен түпкү байланышы, этимологиялык жактан жакындыгы бар экендигин кабарлап турат.

Ордо оюнунда кыргыз мамлекеттүүлүгү жаатындагы элдин мүдөө-максаттары, тилектери, кыялдары камтылып, эгемендикке жетүүнүн жана анын сакталышын камсыздоонун жолдору, элдин дүйнө таанымы идеалдаштырылып берилген. Бул идеялар оюн каражаты аркылуу улам кийинки муундарга өткөрүлө берген. Демек, эл оозунда ордо оюну тууралуу сакталган ар кыл маанидеги нарративдер кандайдыр бир деңгээлде реалдуулукка да, саясий үмүт-тилекке да негизделген. Күтүүсүз кол салуулар, тынымсыз араздашуулар болуп турган жоокердик заманда коопсуздукту камсыздоо, элин-жерин коргоо ар бир атуулдун парзы болгон. Балдар кичинесинен ушул нукта тарбияланып, эрезеге жеткенде такшалган жоокер болуп чыга келген. Мындай тарбиялоонун негизги ыкмаларынын бири болуп ордо оюну эсептелген.

Ордо оюнунун байыркылыгын байыркы замандардан бери элдин мүдөө-максаттарын өзүндө камтып, муундан муунга мурасталып айтылып келген өтө сөөлөттүү окуя катары “Манас” эпосунда мындайча сыпатталган: *Баштаптыр Манас ордону*
*Ордо деген оюнду*
*Бизге мурас койгону…*
*Атып жаткан ордону*
*Отуз эки жолдошу.*
*Он алтысы бир тарап,*
*Жана он алтысы бир тарап,*
*Ордого кызып анталап...* [1, 248-б.].

Ордо оюнунун ар бир элементи оюн эле эмес, андан да кеңири түшүнүктөрдү камтып турат. Айталы, ордонун чийини, борбору, ортосуна коюлган хан, хандын жанындагы эки чүкө, ханды айланта тигилген чүкөлөр, оюндун эрежелери, оюнчулардын аталыштары – дээрлик бардык компоненттер, көрүнүштөр, элементтер терең философиялык чечилишке ээ.

Ордо оюнундагы өзөктүү түшүнүктөрүн карап көрсөк: чийин – мамлекеттин чегин билдирген, башкача айтканда, мамлекеттик чек аранын символу. Ал эми хан турган ордо – кадимки эле мамлекеттин саясий ордосу. Хандын тагы ордонун ортосуна коюлган, анын айланасында жан-жөкөрлөрү болуп, белгилүү бир аймакты ээлеп, бул мамлекеттин атайын белгиленген чеги болгон. Ордо оюнунда чийинди тебелеген оюнчу жыдыйт. Башкача айтканда чийинди тебелебейт, бул демек, мамлекеттин чек арасын оюнчу бузбайт, бузса, жыдыйт.

Ордодо «ак басыш керек» деген да түшүнүк бар. Бул учурда оюнчунун согончогу чийинге тийиш керек, эгер аша басып кетсе, атып чыгарган чүкөсү оюнчуга берилбейт (Мында “ак басуу” – “акыйкат”, б.а. эрежеге ылайык кыймыл-аракет кылуу дегенди туюнткан). «Манас» эпосунун Саякбай Каралаев (1894–1977) айткан вариантында бул оюндук талап тууралуу мындайча чагылдырылган:
*Чийип койгон чийинди,*
*Кара баспай ак басып,*
*Кыйшыгы жок так басып* [2, 129-б.].

«Манас» эпосунда ордонун чийини, анын мааниси элестүү сүрөттөлгөн. Маселен, Сагынбай Орозбак уулу айткан вариантта ордо оюну үчүн атайын орун жасалганда, бетегеден бери сүрдүрүлүп, чийин чийилгендиги сыпатталган:
*Бетегесин жулдуруп,*
*Белгини жерге урдуруп,*
*Беш чүкөнү бир – дешип,*
*Сызып алып сызыкты,*

*Кыйлача кылып кызыкты,*
*Жерди чийип салышып,*
*Желпинишип алышып…*[3, 248-, 249-бб.].

Ордо оюнундагы анын катышуучулары жана көрүүчүлөрү кастарлаган түшүнүк – дал ошол чийин менен байланыштуу. Мындай кызыктуу эпизоддордун бирин кытайлык кыргыздардын залкар манасчысы, Жусуп Мамайдын айтуусундагы “Манас” вариантынан да учуратабыз:

*Кадамагын кадашып,*
*Кээ-кээсинде кычылап,*
*Жыдыдың деп талашып,*
*Уруша кетчү немедей,*
*Опураңдап урушуп,*
*Кызык атып жатканда,*
*Төөнүн асты чыгыптыр...*
*Толук үч жүз төө экен,*
*Дөөкан деген байы бар,*
*Дөөкан менен Алооке*
*Соодагерлик кылуучу,*
*Үчтөн төөгө бирден эр...*
*Жетелеп жетип келишти,*
*Ордо аткан такырга* [4, 502-, 510-бб.].

Эпостогу бул эпизоддо баскынчы калмактар Манастын бала чагында Алтайда эч кимди тоотпой "эркин жүрүп, эрке өскөн заман" эле. Балдардын чуркурап жүгүрүп чыкканын тоотуп койоор пейли жок. Топтоп кылып төөсүн жетелеп, калмак кербенчилери ордого (ордо оюнунун чийилген тегерек сызыгынын ичине) кирип барышат.

*Ошол кезде Чоң жинди*
*Чүкөнү чертип салыптыр,*
*Чоң жинди колу не күчтүү,*
*Домпой тийген чүкө учту,*
*Талкалап өтүп кетиптир,*
*Колу менен бир бутту.*
*Колу-буту кыйрады...* [5, 56-б.]. Муну карап турган Дөөдүр алп: "Силер ким болосуңар? Чүкөгө, чийинди тебелегенге да ушунча чатак кыласыңарбы?" – деп таң калуу менен суроо берет.

«Чүкөгө ушунча чатак кыласыңарбы?» – деп таң калуу, бул оюндун аларга бейтааныштыгын, башкача айтканда, ордо оюну – кыргыздар үчүн оюн эле эмес, оюнга камтылган бүтүндөй көчмөн турмуштун саясат таануу, укук жана башка өңүттөрүн чагылдырган жашоо мыйзамдарынын жыйындысы, адаттын бир бучкагы десек да болот (Мында “адат” деп жазуу түрүндө эмес, элдик санжыралар, накыл кептер, оозеки айтылчу эрежелер ж.б. аркылуу муундан муунга оозеки таркалып келген укуктук топтомду айтып жатабыз) [6, 252-б.].

Чынында эле, ордо оюну сырттан караган кишиге жөн гана чүкө оюн көрүнгөнү менен, бул оюнга кыргыз элинде өзгөчө кастарлоо менен мамиле этилери белгилүү. Анткени, кыргыз элинде бүгүнкү күнгө дейре ордонун чийинин тепселөө – мамлекетке кол салуу дегенге тете түшүнүк жашайт.

Манасчы Дөөлөт Сыдыков бул эпизод тууралуу өзгөчө белгилеп: "...Ордо оюнунун эрежеси боюнча ордонун чийинин тебелегенге болбойт... ошондо Манас баштаган кыргыздар биринчи жолу урушуп, чоң ийгиликке, жеңишке жетишет", – деп, болочокку хан Манастын алгачкы жоокердик эрдигин ордо оюнун бузгандарга каршы күрөш менен байланыштырат [7, 134-б.].

«Манас» эпосундагы ар бир эпизод, ар бир персонаж, ал эле эмес, көркөм эпитеттер да белгилүү бир маанини билдирерин эске алганда, Манастын душмандарга каршы күрөшүндө алгачкы куралы катары чүкөнү колдонушунун олуттуу мааниси бар экенин жана бул келечекте кеңири, илимий өңүттөн талдоого алынарына ишенебиз.

Чоң казатка чыкканда чалгынга Алмамбет менен Сыргак кетип, калган чоролор жыйырмадан бөлүнүп, бир башында Кыргыл чал, бир башында Ажыбай болуп *ордо* атуу менен алек.

*Жыйырмадан бөлүнүп,*
*Кумар кызык көрүнүп,*
*Кыргылчал байлап төрт байтал*
*Калганына кулак сал.*
*Кыргылчал барат уттуруп,*
*Ажыбайдын жолдошу*
*Аткыч экен кутуруп.*
*«Алдык, – деди, – байталды,*
*Кетпес, – деди, – кутулуп»*
*Кыргылчалдын жолдошу.*
*Ордонун болду болбосу.*
*Бир, экиден чокоңдоп,*
*Атып жүрөт топоңдоп...* [8, 96-б.].

Бул беттеште Кыргыл чалдын тобу жеңилип бара жатты. Ордо атылып, кан гана калат. Канды Кыргыл тараптагылар атып чыгарат:

*Канга томпой жетиптир,*
*Катуу тийип томпою*
*Кан алыска кетиптир* [9, 96-б.].

Муну баары көрүптүр, ошентсе да жыдымакка салыптыр. Ошондо Кыргыл чал:

*Атканда чыкты каныңар,*
*Ажыбайдын тарабы,*
*Акыры ушу кан менен*
*Кошо чыкты жаныңар!*
*Ордого сайган бээлердин*
*Баарын силер алыңар,*
*Калбаны коё калыңар* [10, 97-б.], - дейт.

Анын сөзүнө Бозуул каяша берет. Бозуулдун аксакал кишиге акаарат айтканын Ырчуул жактырбайт. Ошентип, Бозуул менен Ырчуулдун ортосунда урууларына чейин шек келтирген кайым айтышуулар уланып чоң чатакка айланат…

Чынында эле, ордо оюну чоң чырдын башы болушунун да жөнү бар. Ордо оюнунда коюлуучу олуттуу байгелер, ошондой эле, эрдин, баатырдын, уруунун, уруктун намысы жогору коюлушу (адатта, ордо оюнун уруу-уруу, айыл-айыл, аймак-аймак болуп ойношкон) – айрым жаңжалдарга шыкак болгон (мисалы, бугу-сарыбагыш ууруларынын ортосундагы чыр-

чатак). Бирок, ордо оюну, көбүнесе ынтымакка чакырган, анын эрежелерин так сактоо талабынын өзү жамааттардын эреже сыйлап ойноосу жана жашоосу үчүн муундан муунга өткөн таберик болгон.

Ар бир чүкө оюнунун маани-маңызы топтолуп, дүңдөлүп отуруп, ордо оюнунда эгемен хандык (көз карандысыз мамлекет) жаатында бүтүндөй бир идеяны берген. Демек, ордо оюну мамлекеттик идеологияны камтыган стратегиялык-тактикалык эрмектөө программасынын бир көрүнүшү десек болот.

Элдин мүдөө-максаты, тилектери, кыялдары камтылып, эгемендикке жетүүнүн жана анын сакталышын камсыздоонун жолдору, элдин дүйнө таанымы идеалдаштырылып, ордо оюну аркылуу берилген. Демек, эл оозунда ордо оюну тууралуу сакталган ар кыл маанидеги нарративдер кандайдыр бир деңгээлде тарыхый реалдуулукка да, саясий үмүт-тилекке да негизделген.

**Жыйынтыктай айтканда,** ордо оюну кыргыздардын руханий-адептик, этикалык-эстетикалык калыптануусунун башкы мыйзам-эрежелерин камтуу менен, жарандын өзү жашаган коомдук толук мүчөсүнө айлануусуна, саясий-идеологиялык, экономикалык, маданий, дипломатиялык, аскерий-стратегиялык сабаттуулугун арттырууга чакырган мыкты оюн үлгүсү кызматын аркалаган. Ордо оюну мамлекеттик көз каранды эместикти көздүн карегиндей сактоонун, ал үчүн күрөшүү зарылдыгын аңдоонун спорттук-көркөм чагылдырылышы болуп саналат.

Демек, ордо оюну кыргыздардын руханий-адептик, этикалык-эстетикалык калыптануусунун башкы мыйзам-эрежелерин камтуу менен, жарандын өзү жашаган коомдун толук мүчөсүнө айлануусуна, саясий-идеологиялык, экономикалык, маданий, дипломатиялык, аскерий-стратегиялык сабаттуулугун арттырууга чакырган мыкты оюн үлгүсү кызматын аркалаган. Ордо оюну мамлекеттик көз каранды эместикти көздүн карегиндей сактоонун, ал үчүн күрөшүү зарылдыгын аңдоонун спорттук-көркөм чагылдырылышы болуп саналат.

Ошентип, чүкө оюндарынын туу чокусу эсептелген *ордо оюну* кыргыздардан башка бир да элде кездешпегендиги өзгөчө кызыгууну туудурат жана бул феномenди кыргыздардын байыркы эл катары этностук-маданий өзгөчөлүгү катары көрсөтүү жана ал жаатта ар тараптуу жана кеңири изилдөө иштерин улантуу абзел. Ордо оюну кыргыздарда спорттук оюн катары эле кабылданбастан, анын коомдук, маданий жана саясат таануу жаатында мааниси абдан терең экендигин тастыктай алабыз.

«“Манас” эпосу кыргыз элинин баа жеткис маданий мурасы, руханий уюткусу. Бардык башынан өткөргөн тарыхы менен күнүмдүк турмушунун энциклопедиясы. Биримдүүлүгү менен өзүн-өзү аңдап билүүсүнүн, иденттүүлүгүн ажырагыс бир бөлүгү, маданий коду» - деп айтылгандарга кошулабыз [11, 232-б.].

**Колдонулган адабияттар:**

1. Манас [Текст]: эпос / по варианту Сагымбая Орозбак уулу. – Фрунзе: Кыргызстан, 1978. – 1 кн. – 296 с.
2. Манас [Текст]: эпос / по варианту Саякбая Каралаева. – Фрунзе: Кыргызстан, 1984. – 1 кн. – 248 с.
3. Манас – кыргыз элинин батырдык эпосу [Текст] / по варианту Сагынбая Орозбакова; академ. изд. – Бишкек: Кыргызстан, 1995. – 1 кн. – 567 с.
4. Манас [Текст]: баатырдык эпос / по варианту Ж. Мамая. – Бишкек: Нур-Ас, 2014. – 752 с. – С. 55.

5. Кожоналиев, С. К. Обычное право кыргызов [Текст] / С. К. Кожоналиев; науч. ред. Т. К. Чоротегин. – Бишкек: Фонд Сорос-Кыргызстан, 2000. – 332 с.
6. Рысмендеева, Н. К. Кыргыз элинин чүкө оюндары (Этнографиялык иликтөө) [Текст] / Н. К. Рысмендеева. – Бишкек: б/и, 2016. – 176 с.
7. Манас [Текст]: кыскартылган бириктирилген вариант. – Фрунзе: Кыргызмамбас, 1958. – 1 кн., 1 ч. – 318 с.
8. Субакожоева, Ч. Т. Башат башы – Бет-Алман // Жарчы И. Арабаев атындагы КМУ, 2020. – №4.

**Рецензент: филология илимдеринин кандидаты, доцент Жузупекова К.Н.**